Кыргыз Республикасы
Ысык-Көл областы
Ысык-Көл району
Бостери айылы
Х.Жээнбаев атындагы
мектеп-лицейи
тел: (03943) 6-14-51
Мамытов көчөсү 66
инд: 722301

Кыргызская Республика
Иссык-Кульская область
Иссык-Кульский район
село Бостери
школа-лицей
им. Х.Жээнбаева
тел: (03943) 6-14-51
ул. Мамытов 66
инд: 722301

**Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин 2022-2023-окуу жылындагы № 3 педагогикалык кеңешинин токтому**

23-февраль 2022-жыл — Бостери айылы

Катышуучулардын саны- 82
Төрагасы: Атаев Б.С.
Катчы: Искакова Ш.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Мектеп-лицейинде 2022-2023-окуу жылында институционалдык жана программалык аккредитациялоонун өтүшү жөнүндө (докладчы Б.С.Атаев)
2. Институционалдык жана программалык аккредитациялоодон өтүү үчүн мектептин ишмердүүлүгү боюнча өзүн-өзү баалоо отчёту.

Угулду:

1. Биринчи маселе боюнча мектеп директору Атаев Б.С.төмөндөгүдөй билдирүү жасады: "Билим берүү мекемелери үчүн институционалдык жана программалык аккредитациялоодон өтүшү шарттуу болуп эсептелинет. Институционалдык жана программалык аккредитациялоо бирдей мезгилде өткөрүлсө болот. Мектепте аккредитациялоону өткөрүү үчүн эксперттик комиссия түзүлүүсү керек. Комиссия курамына мектеп администрациясы, тажрыйбалуу мугалимдер, усулдук бирикме жетекчилери, ата-энелер комитетинин өкүлдөрү кирет. Аккредитациялоо мектептин билим берүүчүлүк программаларынын ишке ашыруу деңгээлин, анын багыттарын, дал келүүчүлүгүн жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын тастыктоо үчүн өткөрүлөт.

 Негизги максат окуучулардын жана ата-энелердин билим алуу талаптарын толук канааттандыруу болуп саналат. Ошондой эле баштапкы жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнү ашыруу болуп

Сканировано с CamScanner

эсептелинет. Бул үчүн 2 ай ичинде эксперттик комиссия иштеп, мектептин ишмердүүлүгү боюнча ичкитекшерүү жүргүзүлүп, өзүн-өзү баалоо отчётун даярдашты.

Текшерүү иштери төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлдү:

* мектептин материалдык-техникалык базасы;
* Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты;
* Кадрлар саясатынын эффективдүүлүгү;
* Билим берүү программаларынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздануусу;
* Окуучулардын жетишкендиктеринин баалоону жанакомпетенттүү окутууну ишке ашыруу.

Жарыш сөзгө чыккандар болгон жок.

2. Экинчи маселе: Институционалдык жана программалык аккредитациялоодон өтүү үчүн мектептин ишмердүүлүгү боюнча өзүн-өзү баалоо отчёту

Мектептин өзүн-өзү баалоо отчёту көрсөткөндөй, мектеп-лицейи ишмердүүлүктүн төмөнкү багыттары боюнча туруктуу көрсөткүчтөргө ээ:

- Мектепте окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин мониторинг системалары жолго коюлган;
- Коопсуз жана психологиялык ыңгайлуу чөйрөнүн түзүлүшү окуучуларда мектепке болгон позитивдүү мамилени жана оң жагдайларды пайда кылат;
- Окуучуларга сапаттуу билим берүүдө техникалык каражаттардын, жаңы инновациялык усулдарды, каражаттарды колдонулуусу
- Мугалимдериди кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча иштер жолго коюлган;
- мектеп ичинде ардагер мугалимдердин предметтер боюнча өздүк олимпидалардын өтүлүшү менен окуучуларды шыктандыруу;
- Мектеп ашканасында техникалык шарттардын жакшырылышы, санитардык абалынын талапка ылайык жооп бериши;
- Окуучулардын сапаттуу жана ысык тамак менен камсыз болушу;
- Сабактан тышкаркы иштердин, кружок иштеринин жолго салынышы

Ошону менен бирге бир нече көйгөйлөр да белгиленип, окуу процессинин жүрүшүндө чечилүү аракеттери жүргүзүлүүдө:

- окуу китептеринин, эмеректердин, электродук тактанын, компьютерлердин, проекторлордун жетишсиздиги;
- Билим берүү процессинин кээ бир бөлүгүндө окуучуларды, мугалимдерди шыктандыруунун аздыгы.

Сканировано с CamScanner

Жарыш сөзгө чыккандар:

1. Тарых мугалими Каимбаева Г.К. төмөнкүлөргө токтолду: "Мектепте билим сапатына көңүл буруу жакшы жолго коюлган. 11 класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн атайын интерактивдүү такта менен сабактарды өтүү бир кыйла жакшы жыйынтык берип келүүдө. Билим сапаты боюнча жылыш болуп жатат. ЖРТ тапшыра турган окуучулар үчүн кошумча сабактар өтүлүүдө"
2. Орус тил усулдук тобунун жетекчиси Жузупова Р.К. төмөнкүлөрдү айтып өттү: " Биздин мектеп 2013-жылдан бери лицей статусун алып келе жатат. Жыйынтыктар жакшы. Жыл сайын окуучуларыбыз предметтик олимпиадаларда алдыңкы орундарга ээ болушууда. Мектеп ичинде ардагер мугалимдер тарабынан предметтер боюнча олимпиадалар өтүлүп, окуучулардын кызыгуусун арттырууда."

Жогорудагы маселелерди угуп, педагогикалык кеңеш чечим кылат:

1. Институционалдык жана программалык аккредитациялоодон өтүү үчүн мектептин ишмердүүлүгү боюнча өзүн-өзү баалоо отчёту бекитилсин.
2. Эксперттик комиссия тарабынан жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун негизинде институционалдык жана программалык аккредитациялоодон өтүү үчүн документтер ыйгарым укуктуу органга жөнөтүлсүн.

Добуш беришти:

"Макул"- 82 мугалим

"Каршы"- жок.

Педкеңештини төрагасы: Атаев Б.С.

Сканировано с CamScanner